İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
31. Sayı 2021

Теология факультетинин илимий журналы
31-саны 2021

# “Ош шаары жана Сулайман так” аттуу макаланын кыргызчасы

**Өскөнбай Зууридинов***

**Абстракт**

Ахлулла Хайрулла уулу деген ат менен жазылган бул макала Ош шаары жана Сулайман тоо тууралуу тарыхий маалыматтарды камтыйт. Автор жадидчи пикирде болгондуктан Ош шаары жана Сулайман тоого байланыштуу мифтик окуяларды сынга алган. Бул макала 1913-жылдын 1-августунда тиражы 14 даана болуп чыккан “Шура” деген аталыштагы журналда жарыяланган.

**Ачкыч сөздөр**: Ош шаары, Сулайман так, пайгамбарлар, күмбөз

# Translation of The Article by Titled “Osh City and Throne of Sulaiman” into Kyrgyz Language

**Abstract**

This article included historical information about Osh city and Sulaiman mountain may have been written by Ahlullah Hayrullah oglu. The autor criticized mythical beliefs about Osh city and Sulaiman mountain because of he adopted jadidism. This article is published in journal of Shuro in 1913 on 1 august as 14 pieces.

**Key words**: Osh city, Sulaiman takht, prophets, tomb

## Киришүү

Ош шаары жана Ош шаарынын көркү Сулайман тоо тууралуу мындан бир кылым мурда жазылган макала биздин өлкөбүздүн өтмүш тарыхын билүү үчүн маанилүү болуп саналат. Бир кылым аралыгында Сулайман тоодогу өзгөрүүлөрдү макаладагы маалыматтар аркылуу байкап көрсөк болот. Ошондой эле Ахлулла Хайрулла уулу деген ат менен макаланы жазган автордун жадидчилик пикирди кармангани жана Сулайман тоодогу элдик ишенимди сынга алуусу көптөгөн окурмандардын кызыгуусун

* Ош МУнун теология факультетинин окутуучусу, ozuuridinov@oshsu.kg

жаратат. Автордун айтымында, Ош шаарында диний таалим болгону менен диний агартуу дээрлик жокко эсе. Анткени, аймакта өтө аз санда динди терең түшүнгөн аалым болгонун жазат. Учурда Сулайман тоодо уланып жашап келе жаткан элдик ишенимдер макалада да дээрлик окшош таризде сүрөттөлгөн. Болгону, автор күбө болгон айрым тарыхий эстеликтер учурга чейин жетип келген эмес. Бул макала мурда да кыргыз тилинде басылып чыкканын окудум. Бирок, ал котормонун жеткиликтүү болбой калганын көргөндөн кийин жарыялоону чечтим. Мүмкүн болушунча автордун стилин сактаганга аракет жасадым.

Автордун өзүнүн аты Ахлулла Хайрулла уулу деп жазылганы менен анын чыныгы аты ким экенин билбейбиз. Бир мезгилдерде Бакуга барганын, Андижанга келгенде атайын Ошко да келип кеткенин, ал эми макаланы журналга Кокондо туруп жазып жибергенин эске алганда анын мамлекеттик кызматта жүргөн деп болжосок болот. Автор өзүнүн ногой тектүү экенин макалада баяндалган тоого баргандагы окуясында айтып өткөн.

Мен бул макаланы Анкара университетинде докторантурада мени менен бирге окуган татарстандык Ильяс Мифтахов деген досубуздан алдым. Ал мага макаланы окуп берди, мен анын аудио үнүн жаздырып алып, макаланын үстүндө иштедим. Түшүнбөгөн сөздөрдү Ильястан телефон аркылуу сурап турдум. Ошого карабастан ката кетирген жерлерим болуп калышы мүмкүндүгүн эске алып, окурмандардан алдын ала кечирим сурайм. Ошондой эле бул макаладагы ишенимге байланышкан жагдайлар тууралуу кошумча маалымат алуу үчүн Исмаил Хаккы Үнал тарабынан даярдалып, Али Жусубалиев агайыбыз тарабынан кыргыз тилине которулган “Бул китепче шаарлардын жакшысы-Ош шаарынын өзгөчөлүгү” аттуу макаланы (ОшМунун теология факультетинин илимий журналынын 20-21 саны) окууну сунуштап кетем. Ошондой эле макаланын түпкү нускасы салыштыруу ирээтинде кошо жарыяланды.

**Ош шаары жана Сулайман так**

Фергана вилайетинде беш шаардын бирөөсү болуп эсептелген Андижандын түштүк-чыгыш тарабына кырк чакырымдай жүргөн кезде кичинекей бир дабан (тоо) ашуу. бар. Бул дабандан ашкандан

кийин жол  айланасы таштуу тоолор менен курчалган кичинекей тегиздиктен өтөт . Тоонун башына чыгып караганда, сыягы, ал жерде чоң бир көлдүн орду тургандай болуп, ал көлдүн суусу куруган соң анын ордуна элдер отуруктташкандай көрүнөт.

Бул тегиздиктин түштүк-чыгыш тарабындагы тоого жакырынаак [жерде] Ош деп аталган шаар бар. Жергиликтүү эл бул шаарды[н тарыхын] өтө эски деп ойлошот. Кала берсе, "Азирети Адам алгачкы жолу дүйнөгө түшкөндө Ош шаарында өгүз менен жер айдаган имиш.  Ошол кезде өгүзү чарчап жатып калганда "Хош! Хош!" деп кууп тургузган. Ошондон тартып бул жерге "Хош" деген ат берилген. Көп убакыттын өтүшү менен ал сөздү "Ошко" айлантышыптыр"-дегендер да бар.

Ош шаарынын түштүгүндөгү кардуу тоолордон чогулуп, өтө ылдам агып келген чоң дарыя~~сы~~ бар. Кар суусунун таш-тоолорду жарып чыккан ордун көрсөңүз, шексиз муну адамдар кескен деген ойго батасыз. Чындыгына келгенде, көптөгөн кылымдардан бери бул орундан суу агып отуруп, жылдан жылга аккан сайын түпкө түшүп барганын көрөсүз.

Жергиликтүү эл мунун да кандай [пайда] болгонун айтууга сөз таап койгон. Алардын пикири боюнча, Сулайман а.с. дөөлөргө буйрук бергенде, кырк жылдык мөөнөттө бул тоону кесип отуруп суу чыгарышыптыр. Айтмакчы, кесип чыгарылган деп да болбойт, алыстан караганда созулуп барган тоону (аркылуу?) кесип салгандай көрүнөт (?).

Оштун түштүк жана түштүк-чыгыш тарабындагы, ошондой эле чыгышындагы тоонун ичине жолдор аралап кирип кетет. Оштон ары Орусияга караган шаарлар жок. Бирок, бир нече сарт айылдары менен тоо араларында кыргыз журттары бар. Жалаң жана тегизирээк орундуктарда борбордук Орусиядан келген хахол көчмөндөрдүн айылдары да бар. Келгенде кыйналып келишсе да, учурда бардыгы байып кетишкен. Эгин жана үй жумуштарда жергиликтүү мусулмандарды иштетишет. Өз ишинде убагында эринсең да, жалчы болгон кезде эринип отурушка болбойт да!

Түркстан вилайетинин башка жерлери сыяктуу Оштун жерлери да түшүмдүү, суусу мол, абасы жакшы. Эгиндери: күрүч, пахта, жүгөрү ж.б.

Оштун базары чоң. Базардын соодалары: тоо араларында көчмөн абалда жашаган кыргыздардан ар түрдүү малдар, кой, уй, ат, кол эмгектер, чай, шекер ж.б. аркылуу [жүргүзүлөт].

Кытайга караган Түркстандын ичиндеги Кашкар шаарына да малдар [товар] Ош аркылуу жиберилет (Бажыкана Кокондо). Анын ордуна Кашкардан да Ош аркылуу килем, кийиз, бөз, такта алып келишет. Буларды Ферганада сатып, кол эмгек, шекер ж.б. товарларга алмаштырып кетишет.

Түркстан вилайетинин шаарларында, ошондой эле Ош шаарында да эл ыраатсыз отурукташышкан. Көчөлөрү тар, башаламан. Бирок, бул өлкөлөр Орусия тарабынан каратып алынып, өлкөбүзгө кошулгандан кийин[1] шаардын бир четинен түз көчөлөр кесип, теректер отургузулуп, көчөнүн эки тарабынан суу агызып, жакшы имараттарды жана бакчаларды-курушкан.

Кыш күндөрү Ферганынын башка шаарларында кар азыраак жааса да, Ош шаары тоо арасында, ошондой эле бийигирээк болгондуктан мында көбүрөөк жаап, узагыраак турат. Жазда абасы жакшы, таза, түнү салкын. Кымызы көп жана коюу болот. Колунда бар адамдардын көпчүлүгү атайын жазды өткөрүү үчүн үй-бүлөсү менен Ошко көчүп келишет. Кээ бир убактарда кымызга келишет.

Ошто уезд начальниги, бир нече пристав турат. Почта, телеграф жана казынаканасы бар. Почтаны Андижандан ат менен (почтовый тракт) жүргүзүшөт (Кашкарга да почта Ошту ашып өтөт). Жолчулар Андижандан сарт арабасында, атка минип, дилижанс, почта арабалары менен барышат. 3-4 жылдан бери автомобиль да жүрө баштады (Ош менен Андижандын аралыгы 42 чакырым).

Оштун түпкү эли кыргыздар болгону менен Фергана өзбектери соода ишинде аларга караганда алдыда болгондуктан соодагерчилик менен келип отурукташып калышкан жана мекен тутушкан.

[1] Макаланын автору Орус падышачылыгынын жарааны болгондуктан сырттан байкоо жүргүзгөн.

Ош шаарында бир нече медресе жана эсепсиз мечиттер бар. Шакирттери [окуучулары] диний жана так илимдерди алуу үчүн Андижанга, Коконго жана Бухарага барышат (Мурдараак усулу-жадиде мектеби бар эле. Татар мугалимдерге тыюу киргизилгенден кийин усулу-жадиденин уландысынан кабарым жок). Ошто кары жана жаш аалымдардан, муфтий жана мударристерден, ошондой эле карапайым адамдардан да пикири- билими тереңдер бар.[2] Бирок, булар күндөн бир күкүм, деңизден бир тамчы гана.

Ош шаарынын түштүк-батыш жагында кызгылт жана сары түстүү таштардан турган чоң бир тоо бар. Мына ушул тоого “Сулайман так” деген атты беришкен. Айтмакчы, чыгыш элдеринде “так” сыяктуу [башка] чоң мансап жана таттуу орундук жок, ошондой эле бул тоо шаардын ичинде жана элдин көңүл ачуучу жерине айланган. Үстүнө чыкканда Ош шаарын курчап турган бардык кардуу тоолордун жүздөгөн чакырымга чейин көрүнүп туруусу жана ошол курчалган майдандагы шаар, айыл, кыштак, жер, суу, чачыранды өскөн токойлорунун жашарып көрүнүп туруусу, ошондой эле шар агып жаткан дарыяларынын [?] жалтырап көрүнүп туруусу, албетте буга “так” [деген] аталышты бердирген[дир]. Бирок, бул сыяктуу көркөмдүү көрүнгөн жайларга жана пайдалуу минералдуу сууларга, туз көлдөргө ж.б. дем алуучу жайлардын бардыгына Түркстан эли “мазар” [деген] атты бергендиктен Ош тоосу да “Сулайман так” титулун алгандыр.

Ош шаарындагы мазарпарастар[3] бул тоону ушунчалык улуулап алууга жетишишкен, кала берсе сартийелерден[4] Мекке Мукаррамага баргандардан алгач эле ушуну сурашат имиш:

- Сиз кай жерликсиз?
- Бухаралык.
- Ал жердеги ажылыкты аткардыңызбы?

[2] Мындан автордун жадидчи көз карашты карманганын түшүнсөк болот.

[3] Автор жадидчи көз караашта болгондуктан жергиликтүү элдин ишенимин сынга алат. Жогоруда Түркстан эли өзгөчө жайларды “мазар” деп атап коюшарын айтты. Ошондуктан ислам динине байланышы жок өзгөчө жайларга сыйынгандарды “мазарпарас” деп атады.

[4] Отурукташкан эл

- Ал кайсы ажылык?
- Ал Ош шаарындагы экинчи ажылык, Сулайман так.
- Биз анын ажылык экенин билбедик!
- Билген эмес болсоңуз кайра кайтып, аны ажылык кылыңыз. Аны ажылык кылмайынча мындагы ажылыгыңыз кабыл болбойт. Бул жердеги кабырпарастардын[5] карапайым жана ак ниеттүү мусулмандарга кыла турган насааттары мына ушул таризде.

Биз мунун Сулайман такка байланыштуу ишеним жагы менен эмес, балким "Бешиктен кабырга чейин илим алгыла" деген хадистин маанисин түшүнүп, табийгаттын сырларын көрүп, досторубуздун тили менен айтканда, табийгат мектебинен сабак алуу үчүн тоого чыгып көрдүк. Өтө укмуш жай таптык. Эски кысса жана риваяттарда Азирети Сулайман а.с. бир нече миң аскери жана куш-жандыктары менен абада учуп жүргөнүн жазышыптыр. Эгер ал сөздөр туура боло турган болсо, бул Ош тоосундагы Сулайман такка Сулайман а.с. ушунчалык жандыктары менен түгүл, чоңураак үй-бүлөлүү адам да сыйбайт. Тоонун үстүндөгү адам жүрө турган орунду чарчы аршынга[6] жайганда жыйырма адамдык жай же чыгат, же чыкпайт.

Мындан төмөн тоодогу айрым кереметтерди да жазайын.

1) Тоонун үстүнө чыгып жатканда төмөнүрөөк топурактуу жерде эски макбара (күмбөз) бар. Макбаранын жогору тарабында бир оюк бар. Бул Ибрахим жана Азирети Пайгамбардын кадам жайлары. Жогору чыккан кезде бир орунда узунча келген жалпак эки таш бар. Бирөөсүнүн үстүнө арапча аят Аль-Курсий оюлуп, экинчисинин үстүнө төмөнкү сөздөр жазылган: "Аль-Амир Аль-Ажалл Аль-Аълам Мухаррам Фахрул-умароо бир [бин?] Сабреддин (?) Усман бин Юсуф бин Мухаммед Кутлуг..." Кутлугдан кийинкисин окуп болбоду. Ошол жерде назыр алып отурган кат-сабаты жок шайыктын

[5] Ыйык жай катары эсептелген жерлерге сыйынгандарды "мазарпарас" деп атаса, ал эми күмбөздөргө сыйынуучуларга карата колдонуусу керек болгон "кабырпарас" деген сөздү да мазарпарастын синоними катары жазды.

[6] Автор жакынкы аралыкты дайым аршын менен өлчөйт. 1 аршын 0,71 м.

айтканы боюнча, бул киши эмирдин лашкери [аскери] болуп, бир риваятта Азирети Ибрахимдин кырк миң сахабасы менен келген[и айтылат]. Алар келгенде суу болбогондуктан төмөн жактагы мечиттин ылайын Азирети Ибрахим төөнүн сүтү менен эзип туруп курган.[7] Андан соң Азирети Сулайман келип тоодон суу чыгарткан (жогоруда жазылган эле).

2) Тоо бетинде үч киши жанаша сыя турган бир үңкүр (тешик) бар. Бийиктиги бир, ич тарабына карай он беш аршындаса болот. Кыязы, казып оюшкан деп ойлойсуң. Сырттан үч аршын чамасы киргенде оң жагында үч айлык бала сыя турган/ бата турган оюк (чукур) бар. Бул жерден Салих пайгамбардын төөсүнүн баласы [ботосу] чыгыптыр.[8] Үңкүргө киргенде сол жагына бурулуп кетет. Эң арты эңкейин отура турганчалык. Ошонун бир четинде таштардын арасы нымдашып турат. Артында чукурураак бир жерде өтө былжыраган суу турат. Бул суу [кудайдын] кудурет[и] менен таштын арасынан чыгат. Кимде ким көзүнө сүртсө өмүрүндө көзү оорубайт имиш. Үңкүрдүн ичи табигый караңгы. Сартийе жана кыргыздар тазаланып киришет да ошол суудан көздөрүнө сүртүп чыгышат. Буларга күкүрт жагып кароого болбойт, мазар урат дешет. Ошондой болсо да биз киргенде шам жагып карап турдук. Бизди мазар урган жок. Балким, ногойду урбайттыр.[9]
Үңкүрдүн ичи кызгылт жана көгүлжүм таш[тан турат]. Көп убактан бери бир токтобой эл кирип чыккандыктан [ичи] жарык. Үстү да, асты да биленгендей жалтырак. Чукурдагы сууну назыр алып отурган шайыгы кечинде эч ким көрбөгөн

[7] Ислам ишеними боюнча, Ибрахим пайгамбар уулу менен Меккедеги Каабанын пайдубалын таап, анын дубалын кайрадан тургузат. Мына ушул окуя менен Сулайман тоонун байланышы түзүлүп, Сулайман тоого дагы да ыйыктык статусун берүүнү каалашканын болжосок болот.

[8] Ислам ишеними боюнча, Алла сыноо үчүн Салих пайгамбардын коомуна бир төө берет жана эл менен төө кудуктагы сууну кезеги менен ичет. Салих пайгамбардын коому акырында төөнү өлтүрүп, Алланын каарына калат. Ал эми Салих пайгамбардын төөсүнүн ботосу менен Сулайман тоону байланыштыруу аркылуу тоого дагы да ыйыктык ыйгарылганын түшүнсөк болот.

[9] Мындан биз автордун Орусиядан келген ногой экенин билебиз.

маалда ылдыйдан алып чыгып куюп коёт. Таза, ак көңүл сартийе [отурукташкан эл] жана казакийе [көчмөн эл] элдеринин акчаларын алып, пайдалуу суу деп, сасып бүткөн былжырак сууну көздөрүнө сүрттүрүп, көз ооруну берип жиберет.

3) Мындан жогоруураак бир жерде кол баткыдай үч тешик бар. Мунун аты "оорубас" имиш. Мунун алдында жыйырма өгүздү оозунан кармап, байлабастан союп алуучу кыпкызыл бир бүкүр киши отурат. Мында Сулайман а.с. колун салып чыгарган, кимде ким назырын (садакасын) берип, колун салып чыгарса, кол оору көрбөйт имиш.

4) Мындан жогоруураак бир жайда кыйгач жылма таш үстү бар. Зыяратка келген киши аркасы менен жатып тайып түшөт. Бир киши назырын берип, үч жолу тайып, сыйгаланып түшсө, өмүрүндө бир да бел оору менен оорубайт имиш. Бул таш ажайып көгүлжүм түстө. Узундугу алты-жети аршын чыгат. Күндө нече жүз киши келип, үстүндө жатып тайып, назырын берип кетет. Көп убакыттан бери үстүндө нече миллион жолу тайылгандыктан үстү биленгендей жылма жана жалтыраган. Илгери өтө көп ак көңүлдүүлөрдүн кийимдери сүрүлүп, тытылып кеткени белгилүү болсо да, бирок мындай жерден жыйырма-отуз тыйын аркылуу пайда жана сооп табууну адатка айлантып алган жана ушуга ишенген адамдардын кийимдери түгүл денелери жыртылып кетсе да чыдашат. Бакуда болгон кезде бакулук туугандарыбыздын Мухаррем айында болуучу окуяларын көз алдыма келтирдим. Өз колу менен өткүр канжар кармап, өз башын жарып, Хасан жана Хусейин азиреттердин көңүлүп табат. Эгер өлүп калса, шейит сообун алып, ошол азиреттер менен бирге болот. Биз Бакуда болгон кезибизде бирөө тебриздик жана бирөө эрдебилдик, эки түрк тууганыбыз өз баштарын өздөрү жарып, шейиттердин катарына кошулган эле!

Аты аталган таштын аты "сыйпалама таш", бел түзөтүүгө Ибрахим пайгамбардан калган. Көрөгөч кишилер ошол

таштын үстүндө карап туруп, бул жердин эли эски мажусият[10] доордон бери тайып келгендиктерин далил келтиришет.

5) Тоонун эң жогорусунда (мындан да жогору тарабы болсо да, ага Сулайман а.с. чыга алган эмес болсо керек. Ал жакка сарттар да барышпайт, бирок биз гана чыгып тамаша кылдык) тегизирээк жерде беш адам сыя турганчалык бир бөлмө бар. Имараты эскирип калгандыктан оңдоодон өткөрүшкөн. Эшигинде эски өнөрчүлөрдүн колдору менен жыгачка оюп гүл түшүрүлгөн жана эшиктин түбүндө "[хижрий] 1245 жылында Амал молдо Акбото Андижаний" деп жыгачка оюп жазылган. Бул бөлмөнү тургузган адамды бирөөлөр "Кызыл Арсалан" аттуу киши деп айтышса да, Ошто жашаган бир наиб (пристав) "Бабур хан курган" деп айткан имиш.

6) Мындан айланып өткөндө бир жерде кесе сыяктуу үч оюк бар жана кресло сыяктуу бир отургуч да бар. Мындан башка бир нече жайлар бар. Бардыгынын өздөрүнө жараша кереметтери, назырлары жана шайыктары бар.

Азирети Сулайман ж.б. пайгамбарлардын бири да Фергана вилайетине келгендиктерине байланыштуу тарыхта маалыматтын жоктугу бизге белгилүү болсо да, мындагы тоонун эмне үчүн "Сулайман так" деп аталып каганын сураштырдык. Көрөгөч жана интеллигент бир муфтий жана мударрис азиреттин айтканы боюнча, мында Сулайман аттуу бир кыргыз дубана жашаган имиш. Бара-бара Сулаймандын алдына так деген сөз кошулуп, "Такты Сулайман" болуптур деди.

Бул тоону ылдый жана алыстан караган кезде, бул жер деңиз болуп туруп, ал эми тоонун муруну крейсердин муруну сыяктуу көрүнөт. Дагы да алысыраак барып карасаңыз, көлдө вулкан болуп, андан лава кайнап чыгып, таш болуп катып калган сыяктуу көрүнөт. Муну жазууну унутуп калган экенмин: тоонун түбүндөгү бардык мүрзөлөр дүн жанына,

[10] Негизинен зороастризм үчүн колдонулчу терминди биз бул жерде исламга чейинки доор деп түшүнгөнүбүз оң.

айрым жерлерге мечиттер курулган, жандарына немец крестине окшогон жыгач сайып, бир тарабына топоздун куйругу, бир тарабына да байрак илип коюшкан. Мындагы бир кабырды Сулайман а.с. вазири Асаф ибн Бурхиянын кабыры дешет. Ош шаары жана Сулайман так тууралуу уккан жана көргөндөрүм мына ушулардан турат.

Ахлуллах Хайрулла уулу (Кокон)



# شورا

عدد ١٥

آوغوست ١ = سنه ١٩١٣

محرری : رضاءالدین بن فخرالدین

ناشری: «م. شاکر و م. ذاکر رامیفلر»

مندرجه سی :


**عبدالرحمن خان**
افغانستان خانلرندن

**اسلام امتینی زهرلەمش فکرلر**
میان عبدالاول الغفاری .

**«اوش» شهری هم «تخت سلیمان**
اهل‌الله خیرالله اوغلی .

**مختوم قلی اشعارینه کوسترگچ**
احمد زکی ولیدی .

**املا مسئلەسی**
«شورا» سؤالینه جوابلر.

**اسلام عالمنده انقراض دوری وآنڭ سببلری**
مبارکشاه الحنفی .

**خرافات واکیەت**
نوشیروان یاویشف ، ش . حسنف ، ع . هبت‌اللین .

**تنبیهار حقنده بر ایکی سوز**
سید شریف احمد جهانشین .

**بیوك آدملرنك سوزلری**
عبدالجلیل آشیرف .

**تربیه وتعلیم:** «مکتب‌ده علم حال درسی» ـ خطی . «آنا تلی اوگرەنو ایچون کوبمی وقت کیته» . «مکتبلرمزنك بالالرغه ملی روح بیره آلماوی» امام م . خلیل یادگاری .

**اشعار:** طبیعت هم کشیلر ، شولای توگلمی؟ . آنڭ قول اشلرینی کورگانده و برەوگه .

**مراسله ومخابره:**
سارا‌پول، استرلیتاماق، پوچی، مینزەله هم یاگی یارمك‌دن .

**مطبوعات خلاصەسی .**

**متنوعه .**

**ایزگی زمانلر**

**حوادث .**

«اوش» یرینك توب خلقلری قرغیزلار اولمش ایسه‌ده، فرغانه «اوزبك»لری تجارتده آلارغه قاراغانده اوتکونرەك اولغانغه، سودا ایله کیلوب اوطوروب قالمشلر و توطن ایتمشلر.

«اوش» شهرنده بر نیچه مدرسه، وحسابسز مسجدلر بار. شاگردلری علوم وفنون تحصیل قیلماق ایچون اندیجانغه، خوقندقه، و بخاراغه بارالار. (اولرەك اصول جدیده مکتبی بار ایدی. تاتار معلملری منع اولونغاچ اصول جدیده‌نڭ دوامندن معلوماتم یوق). اوش‌ده قارت ویاش علمالردن، مفتی و مدرسلردن وشولایوق عوامرندنده آچق فکرلی ذاتلر بار. فقط بونلر قویاشدن بر ذره، دریادن بر قطره‌غنه.

---

«اوش» شهرینڭ غرب جنوبی یاغنده قزغلت وصر توسلی تاشلردن عبارت بیوك‌گنه بر تاو بار. مونه شول تاوغه «تخت سلیمان» دیب اسم بیرگانلر. در واقع شرق خلقنده «تخت» کبی بیوك منصب، و لذتلی اورون بولماغانغه هم بو تاونڭ شهر ایچنده وخلقنڭ سیرگاهی اولوی، اوستینه منگاچ «اوش» شهرن احاطه قیلمش بارچه قار تاولاری‌نڭ یوزلرچه چاقرمغه قدر کورونووی و شول احاطه میدانینده‌غی شهر، آول، قشلاق، یر، صو، وچه‌چوب اوسدرگان اورمانلرنڭ یەشەروب طورووی هم قوت ایله شالدراب آغوب یاتقان دریالری‌نڭ یالتوراب کورونوب طورولری اختیارسز بوگا «تخت» اسمی ویردرمش. لکن بونڭ کبی ماتور کورونشلی اورنلره و فائده‌لی اولان معدن صولرینه، طوزکوللرینه وباشقه تفرج گاهلرنڭ بارچه‌سینه‌ده اهل تورکستان‌نڭ «مازار» اسملری ویردکارندن «اوش» تاوی هم «تخت سلیمان» تیتولن آلمشدر.

اوش شهرنده‌گی «مازار پرست»لر بو تاونی شول قدر یوقارو کوتەررگه موفق اولمشلرکه. حتی سارتیه‌لردن «مکهٔ مکرمه»گه باروچیدن ثلث صوریلر ایمش:

— سز قای یرلك؟
— بخارالق.
— آنده‌غی حجنی ادا قیلدگزمی؟
— اول نیندی حج؟
— اول اوش شهرنده‌گی حج ثانی، تخت سلیمان.
— بز آنڭ حجلگن بلمه‌دك!
— بلمه‌گان بولساگز کیری قایتوب اول آنی حج قیلوگز.

آنی حج قیلماینچه مونده‌غی حجگز قبول اولاچاق توگل. مونه مونده‌غی «قبر پرست»لرنڭ ساده و پاك کوڭللی مسلمانلرغه قیلا تورغان تلقینلری شول رەوشده.

بز، مونڭ «سلیمان تختی»لگی اعتقادی ایله توگل، بلکه «اطلبوا العلم من المهد الی اللحد» حدیث شریفینڭ معناسن توشونوب، طبیعت‌نڭ اسرارن کوروب، احبابلرمزنڭ تعریفی بوینچه، طبیعت مکتبندن درس آلماق ایچون تاوغه منوب کوردك. غایت‌ده ماتور یر تابدق. ایسکی قصه و روایتلرده «حضرت سلیمان عم»نڭ بر نچه مڭ عسکری وقوش قورتلری ایله هواده اوچوب یوردکنی یازمشلر. اگر اول سوزلر راست اولاچق ایسه، بو اوش تاونده‌غی «تخت سلیمان»غه سلیمان عم شول قدر مخلوقی ایله دگل، زورراق سیمیه‌لی کشی‌ده صیاچق دگل؛ تاونڭ اوستنده‌گی کشی یوری طورغان اورونلرن مربع آرشینغه جیغانده ٢٠ کشیلك اورون بولا، یا یوق.

---

موندن توبەن تاوده‌غی بعض کرامتلرنی‌ده یازیم.

١) تاونڭ اوستینه منگانچه توبه‌نده‌رەك توپراقلی یرنده اسکی مقبره بار. مقبره‌نڭ یوقاروسنده بر اوی بار. بو، ابراهیم هم خضر پیغمبر قدم یرلری. یوقاروراق منگاچ بر اورنده اوزونچه‌راق یالپاق ایکی دانه تاش بار. برینڭ اوستینه قازوب عربی خط ایله آیة الکرسی، ایکنچیسینه اوشبو جمله‌لر یازلمش: «الامیر الاجل الاعلم محرم فخرالامرا بر صبرالدین (؟) عثمان بن یوسف، بن محمد قتلغ...» قتلغ دن صوڭغیلرن اوقوب بولمادی. شول یرده‌گی نذر آلوب اوطوروچی خطی. سوادی یوق شیخنڭ أیتووی بوینچه: بو کشی امیر لشکر اولوب بر روایتده حضرت ابراهیم‌نڭ قرق مڭ صحابه‌سی ایله کیلگان. بونلر کیلگانده صو بولماغانلقدن توبه‌نده‌گی مسجدنڭ بالچغن حضرت ابراهیم تویه سوتی ایله ایزوب بنا قیلغان. صوڭره حضرت سلیمان کیلوب تاودن صو چغارتقان (یوقاروده یازلمش ایدی).

٢) تاو بیتنده یاناشا اوچ کشی صیوشلی بر مغاره (تیشك) بار. یوقارولغی بر، ایچکه تابا بویی ١٥ آرشین‌لاب بولور. گویا قازوب اویغانلر دیورسن. طشدن ٣ آرشین چماسی کرگاچ اوڭ یاقده ٣ آیلق بالا صیوشلی بر اوی (چوقور) بار. بو یرلردن صالح پیغمبر تویه‌سینڭ بالاسی چقمش. مغاره‌گه کرگاچ صول یاقغه بورولوب کروله. ایڭ آرتی ایرکنه‌ب اوطوررلق. شونڭ بر چیتنده تاش آراسی یووشله‌نوب طورا. آرتده بر چوقورراق اورنده بیك بلچراق صو طورا؛ بو صو قدرت ایله تاش آراسندن چغا، هر کم کوزینه سورتسه عمرنده‌ده کوزی آورمی ایمش. مغاره‌نڭ ایچی طبیعی قاراڭغی؛ سارتیه وقرغزلر تزله‌نوب کره‌لرده ئلگی صودن کوزلرینه سورتوب چغالر. بونلرغه شرپی (کوگرت) یاندروب قارارغه‌یارامی: «مازار اورا» دیلر. شولای‌ده بولسه،



## « اوش » شهری هم « تخت سليمان »

فرغانه ولايتنده بيش شهرنڭ برهوى بولغان «انديجان» نڭ شرق جنوبينه قرق چاقروم چامالارى يوروگاچ كچك گنه بر دوان (تاو) آشا اوتوله. بو دوانىى اوتكاچ، بتون اطرافنى تاشلى تاولار احاطه ايتمش كيڭ گنه تيگزلك بارا. تاو باشينه منوب قارالغانده گويا بيوك گنه كول اولمشده. قوروغاچ اورنينه خلقلر يرله شمشلر كبى كورونه.

بو تيگزلكنڭ شرق جنوبندهگى تاوغه ياقينراق «اوش» اسملى شهر بار. يرلى خلق بو شهرنى بيك ايسكى ظن قيلالر. حتى: «حضرت آدم دنياغه توشكان ايكش ده، ئلك اوش شهرنده اوگز ايله ير صوقالى باشلاغان. شول وقتده اوگزى آروب ياتقاچ «هوش هوش» ديب قووب طورغزغان، شوندن صوڭ بو يرگه «هوش» اسمى بيرولوب، كوب وقتلرنڭ اوتووى ايله «اوش» قه ئهيله ندرمشلر» ديوچيلرده بار.

اوش شهرينڭ جنوبندهگى قارلى تاولاردن جيولوب، بيك تيز آغوب كيله طورغان بيوك گنه درياسى (١) بار. قار صووينڭ تاش تاولارن يروب چقغان اورنن كورساگز، شبههسز مونى كشى كيسكاندر ديب خيال قيلورسز. حال بوكه، بيك كوب عصرلر بو اورندن صو آغوب ياتووى ايله يلدن يل آقغان صاين توبكه تابا توشه بارغانن كوررسز.

يرلى خلقلر مونىده نچك اولغانن ايتورگه آبدراماغانلر؛ گويا: سليمان عليهالسلام ديولرگه فرمايش قيلوب، قرق سنه مدتنده بو تاونى كيسوب صو چغارمشلر. درواقع كيسوب چغارلغان ديهسلكده توگل؛ يراقدن قاراغانده صوزولوب بارغان تاونى آرقلى كيسوب گنه صالغانلر توسلى كورونه.

«اوش» نڭ جنوب، وشرق جنوبى طرفندهغى، شولايوق شرقندهغى تاو آرالرينه يوللر آرالاب كروب كيته. «اوش» دن آرى روسيهگه قاراغان شهرلر يوق، فقط بر نيچه سارت آوللرى ايله، تاو آرالرنده قرغز يورتلرىغنه بار. آچق و تيگزرهك

(١) سارتيهلر. ايدل، صردريا، عمو دريا . . . كبيلره هم زورراق تارماقلرينه «دريا» ديهلر. شهر ايچوندن اوته طورغان كيگرهك يلغه كبيلره «صاى»، يروندقلرغه «آريق» ديهلر.

اورونلرنده اورتا روسيهدن كوچوب كيلگان خاخول مهاجرلرينڭ آوللرىده بار. كيلگانده كلهنوب كيلسهلرده، حاضر همهلرى بايغان، ايگن اشلرن و يورت اشلرن يرلى مسلمانلردن اشلهتهلر (١). اوزگده وقتده ايرونسهگده، يالچى بولغاچ ايرنوب طوروب بولمى شول!

توركستان ولايتينڭ باشقه يرلرندهگى كبى، اوش يرلرى هم غايت منبت وفراوان، صووى كوب، هواسى ياخشى. ايگونلرى: شالى، (دوگى). مامق (پاخته)، جوكارى، مكه (قوقوروز) و باشقهلردن عبارتدر.

«اوش» نڭ بازارى زور؛ سودالرى: تاو آرالرنده بدويت حالنده ياشاوچى قرغزلر ايله، هر تورلى مالل، قوى، صير، آط، مانوفاكتور، چاى، شكر، و باشقه مالل.

قطاىغه تابع اولان توركستان چينىدهگى «كاشغر» شهرينهده ماللرنى «اوش» آرقلى يبارهلر. (تاموژنه خوقندده). موگا مقابل كاشغردنده اوش آرقلى: كلهم (كاوير) كيز، بوز، تاختە (بهرهن قابى) آلوب كيلهلر. بونلرنى فرغانهده صاتوب، مانوفاكتور، شكر و باشقه ماللرغه آلوشوب كيتهلر.

توركستان ولايتينڭ شهرلرى، شولايوق «اوش» شهريده بيك ترتيبسز اوطورغانلر. اوراملرى تار، قيڭغر مڭغر. فقط بو مملكتلر روسيه طرفندن ضبط ايتولوب، مملكتمزه الحاق ايتولگاچ، شهرنڭ بر چيتينهرهك طوغرى اوراملر كيسوب، قواقلار اوطورتمشلر، اورامنڭ ايكى طرفندن صو آغزمشلر، ياخشى عمارت و باقچه قيلمشلر.

قش كونلرنده، فرغانهنڭ باشقه شهرلرنده قار آزراق ياوسهده، اوش شهرى تاو آرالارنده، هم يوقارولقده اولدغندن مونده كوبرهك ياوا، اوزاغراق طورا. يازده هواسى ياخشى. صاف، كيچهلرى صالقون، قزى كوب هم قويى بولا. معيشتى مساعده قيلغان بندهلرنڭ كوبرهگى يازنى اوتكارر ايچون عائلهلرى ايله «اوش» قه كوچوب كيلهلر. بعض بر آورولرده قزغه كيلهلر.

«اوش» ده اويازنى حاكم، بر نيچه پريستاف طورا. پوچته و تيليگراف هم خزينه خانهسى بار. پوچتهنى انديجاندن آط ايله (پوچتاواى تراقت) يوركوزهلر (كاشغرغهده پوچته اوش آشا كيته). يولچيلر انديجاندن سارت عرابهسنده، آطقه آطلانوب، ديليژان، پوچته آربالرى، ايله يوريلر. ٣ـ٤ يلدن بيرلى آفتامابيلده يورى باشلادى. (اوش ايله انديجان آراسى ٤٦ چاقروم).

(١) سوداگرلرينڭ اكثرى پنزا تاتارلرى. رازنوسشيك اولوب توين كوتاروب كيلسهلرده، طرشوچان اولدقلرندن، روس آوللارندهغى سودانڭ اكثرن اوز قوللارينه آلا بلمشلر.

بز کرگاچ شەم یاندروب قاراب طوردق . مازار بزنی اورمادی . احتمال نوغای‌نی اورمی طورغاندر.

مغاره ایچی قزغلت هم کوگلجم تاش . کوب وقتلردن بیرو بر طوقتامی خلق کروب یورگانلکدن ایدەن ، استینا هم توبەسی بلەو کبی یالت ایتکان. چوقورندەغی صووینی، نذر آلوب طوروچی شیخلری کیچ برله کشی کورمگانده توبەندن آلوب چغوب قیوب قویالر. ساده ، پاك کوکللی سارتیه و قازاقیه خلقلرینك پوالرینی آلوب فائدەلی صو دیه صاصوب بتکان بلچراق صونی کوزلرینه سورتدروب کوز آورووی بیروب یارەلر.

٣) بوندن یوقارووراق بر اورنده قول صیوشلی اوچ تیشك بار. بونك اسمی « اورواز » ایمش . بونك یاننده یکرمی اوگزنی رەتدن طوتوب، بەیله‌میچه صویا آلوچی قبقزل بر بوقاق (بوکسەلی کشی) اوطورا . بونده سلیمان علیه‌السلام قولن طغوب چایکەگان، هر کم نذرن بیروب قولن طغوب چایکەسـه ، قول آورووی کورمی ایمش .

٤) موندن یوقارووراق بر اورنده قیغاچ شماغنه تاش اوستی بار. زیارتکه کیلگان کشی آرقاسی ایله یاتوب شووب توشه . بر کشی نذرن بیروب ٣ مرتبه شووب توشسه ، برده بیل آورووی کورمی ایمش . بو تاش عجایب کوگلجم توسده ، اوزونلغی آلتی ـ یدی آرشین بولور. هر کون نیچه یوز کشی کیلوب اوستندن یاتوب شووب نذرن بیروب کیته. کوب وقتلردن بیرو نیچه میلیون مرتبه اوسـتندن شوولغانغه ، اوسـتی بلەو کبی شما هم یالترامش. ئلگرەك بیك کوب ساده دللرنك کیوملری آشالوب تتلوب بتمش ایدکی معلوم ایسەده ، فقط بوندی یردن، یکرمی اوتوز تین ایله فائده و ثواب آلورغه عادت قیلغان وشوکار اعتقاد ایتکان کشیلرنك کیوملری توگل، بدنلری یرتلسەده طاقت قیلالر. « باقو » ده طوردیغمزده باقولی قرداشلرمزنك محرم اوننده اولان واقعەلرن کوز آلدیه کیتردم. اوز قولی ایله اوتکن خنجر طوتوب ، اوز باشن یاروب ، حسن ، حسین حضرتلرینك کوگلن تابا. اگر ئولسه شهید ثوابن تابوب اول حضرتلر ایله بریرده بولا ایمش. بز باقوده طوردیغمزده بری تبریزلی و بری اردبیل‌لی ایکی تورك قرداشمز اوز باشلرن اوزلری یاروب شهیدلر زمره‌سینه واصل اولمش ایدیلر!

مذکور تاش‌نك اسمی « سیپەلەمه تاش » . بیل توزەتورگه ابراهیم پیغمبردن قالغان. کوزی اوتکون کشیلر شول تاشنك اوستینه قاراب‌ده، بو یرنك خلق ایسکی مجوسیت وقتلرندن بیرو شووب کیلدکلرن استدلال قیلورلر.

٥) تاونگ ایگ یوقاروسنده ( موندن‌ده یوقارو اورنی بولسەده ، آنده حضرت سلیمان منه آلماغان بولسه کیرەك ، آنده سارتلرده بارمی ، فقط بزلرگنه منوب تماشا قیلدق . ) تیگزرەك اورنده بر خانه بار. ٥ کشی صیوشلیغنه . بناسی ایسکرگانلکدن تعمیر قیلغانلر. ایشگنده ایسکی هنرچیلرنك قوللری ایله تاقتاغه قازوب گل یاصاغانلر و ایشك ایاگنده : « ١٢٤٠سنەده عمل ملا آق بوته اندیجانی » دیب تاقتاغه قازوب یازغان. بو خانه‌چك‌نی بنا قیلوچینی قایسی برلری « قزل آرسلان» اسملی کشی دیب أیتسەلرده « اوش » ده طورغان بر نائب ( پریستف ) «بابر خان بنا قیلغان» دیب ایتکان ایمش .

٦) موندن ئەیلەنگاچ بر یرده کاسه کبی اوچ اوی بار هم قریسلا کبی بر اوطورغچده بار؛ موندن باشقه بر نیچه اورنلر بار؛ همەسینك اوزینه موافق کرامتلری هم نذرلری ، شیخلری بار.

حضرت سلیمان‌نك و باشقه پیغمبرلرنك هیچ بری اولسون فرغانه ولایتینه کیلگانلکلرینه دائر تاریخلرده معلومات اولماغانلق اوزمزگه معلوم ایسەده موندەغی تنوغه نی ایچون « تخت سلیمان » اسمی بیرلگانلکنی صوراشدق . کوزی اوتکون و فکری آچق بر مفتی و مدرس حضرتلرینك ایتووینه بناً : مونده « سلیمان » اسملی بر قرغز دیوانەسی طورمش . بارا بارا سلیمان یانینه « تخت » قوشولوب « تخت سلیمان » اولمش ، دیدی .

بو تاونی توباندن و یراقدن قاراغانده گویا بو یر دیگز ایمش‌ده ، بو تاو بورنی بر قریسیر بورنی ایمش . تاغن یراغراق باروب قاراساك گویا کولده ۋولقان اولمش‌ده «لاو» قایناب چغوب تاش بولوب قاتمش کبی‌ده کورونه . ئلی مونی یازارغه اونوتقان ایکانمن : تاو توبنده بتون ئەیلەنەسی قبرلك . بعض بر یرلرینه مسجدلر بنا قیلوب ، یانلرینه نیمس تەریسی کبی آغاچ اوطورتوب بر طرفینه قوتاس (طاو صییری) قویروغی و بر طرفینه‌ده بایراق (علم) ئلوب قویغانلر. شونده بر قبرنی سلیمان عەم وزیری اصف بن برخیا قبری دیەلر. اوش شهری و تخت سلیمان طوغروسنده ایشتکان و کورگانلرم شوندن عبارت .


اهل الله خیرالله اوغلی . ( خوقند ) .

---

## شعر:

علم آل ، اشله أش ، تیك کیتمەسون عمرك اوزوب بوشقه
باشڭ حسرت و قایغی چیکمەسون عمرك طوزوب بوشقه .
اگر سین ازلەسەك چنلاب ، تابلماس نرسه یوق برده
و لکن کیلمی قولنی ، چیکمیچه محنت ، صوزوب بوشقه .

ولی الله الخلیلی . (قوصطانای) .



Приложенiе къ газетѣ "ВАКТЪ" № 1264.

# ШУРО

№ 15.

АВГУСТЪ 1 = 1913 ГОДА.

"تورك يوردى"

بو ژورنال استانبولده ١٥ كونده بر چقا. آچق تورك تلنده يازيلا. ادبياتدن، اقتصاد، اجتماعيات، سياحت، علم وفنلردن بحث ايته. تل بحثلرينه اهميت بيره. توركلك‌نك ترقيسينه عائد نرسه‌لرنى كوب يازا. بو ژورنالغه توركلرنك معتبر ياش اديبلرى مهم مقاله‌لر يازالر. مديرى شهور تورك شاعرى محمد امين بك در.

ژورنالنگ آبونه بدلى روسيه ايچون يللق ٣ صوم ٥٠ ق. آلتى آيلقى ٢ صوم.

Константинополь, Въ ред. журна-а ,Тюрюкъ-Юрды" ул. Нуръ-Османiэ. № 40.

"اجتهاد" ژورنالى

استانبولده هفته‌ده بر مرتبه چقا طورغان اقتصادى، اجتماعى، ادبى مجموعه‌در. ناشر ومحررى دوقتور عبدالله جودت بك. بو مجموعه‌ده اصلاحات دينيه وحقوق نسوانغه دائر مهم بحثلر ومقاله‌لر درج اولونمقده‌در. تلى جيكل وآچق توركچه‌در. روسيه ايچون يللق بهاسى: ٤ صوم، آلتى آيلق ٢ صوم ٥٠ ق در. آدريس:

Константинополь. Въ ред. журн. „Иджтигадъ"
Джаагалъ-Огло д. доктора Абдуллы Джевдата.

"يكى فكر" مجموعه‌سى

استانبولده آيده بر مرتبه چقا. مسلكى: ملى تربيه‌گه ومكتبلرده زراعت فكرى طاراتورغه طريشودن عبارتدر. مؤسسلرى ادهم نژاد، ع. فريد. روسيه ايچون يللق حقى ١ ٢٠ ق.

آدريس: Константинополь. Въ ред. журнала
„Ени-Фикръ" ул. Бабъ-Али, № 49.
(Кн. магазинъ „Чифитчи").

"شهبال" ژورنالى

استانبولده چقا طورغان رسملى ژورناللرنگ ايگ اعلا وايك: يعنى ١٥ كونده بر مرتبه چقا طورغان «شهبال» مجموعه‌سيدر. بو ژورنال ادبياتدن، علم، فن، صنعت، مدنيتدن و ترقيات عصريه‌دن بحث ايته. رسملرى غايت گوزه‌ل انتخاب ايتله. كاغدى وباصلووى بيك نفيس اولوب، ياوروپا رسملى ژورناللرندن قالشميدر. بونك هر نسخه‌سى ايو ايچون بر زينت در.

آبونه حقى روسيه ايچون يلغه ١٠ صوم. آلتى آيغه ٥ صوم.

آدريس: Константинополь.
Въ ред. журнала „Ша балъ"
Стамбуль. противъ Новой-почты № 9-10.

آقچه‌نى عادى پيراوادنى بلانقه ايله، آدرسنى يالگز روسچه‌غه يازوب يباررگه ممكندر. آندن ژورنال كيله‌چك آدرسنى روسچه اوقوناقلى وآچيق ايتوب يازارغه تيوش.

ТИПОГРАФIЯ ГАЗ. „ВАКТЪ" ВЪ ОРЕНБУРГѢ.

اورنبورغده «وقت» مطبعه‌سى.

**Корутунду**

Сулайман тоо жергиликтүү эл үчүн ыйык жай болуп эсептелет. Бир гана жергиликтүү эл үчүн эмес, кала берсе жакынкы жана алыскы аймактардан да атайын Сулайман тоонун касиетине ишенип келгендер четтен чыгат. Жогорудагы Ахлулла Хайрулла уулу тарабынан жазылган макала өз учурунда жөнөкөй эле маалымат жана саресептин натыйжасы болгон болсо, ал эми учурубузда биз үчүн баалуу маалыматка айтынып отурат. Анткени, макаладагы маалыматтар Сулайман тоого байланыштуу элдик ишенимдердин кеминде бир кылымдан бери келе жаткан жол-жобосун түшүндүрөт.

Кылымдар мурда белгилүү болгон элдик ишенимдердин оңойчулук менен жок болбой турганын тарых айнинелеп берет. Ага кыргыздардын исламга чейинки элдик ишенимдери ислам келгенден кийин кандай өзгөрүүлөргө учураганын жана кандай үлгүдө жашап келе жатканын мисал көрсөтсөк болот. Сулайман тоодогу элдик ишенимдерге келе турган болсок, алардын канчалык исламга чейинки өтмүшүнөн сөз кылсак да, күнүбүздө чөйрөнүн жана мусулман элдин таасири менен ал жердеги ишеним жана ритуалдар исламдык өңүткө бурулуп кеткенине күбө болобуз.